МАКУЛДАШЫЛДЫ
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Кесиптик бирлик комитетинин торайымы
__________ Абылаева А.А.
"____"______________202__ ж.

БЕКИТЕМ
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору
__________ Чыныбаев М. К.
"____"______________202___ ж.

**НУСКАМА**
**кафедрада иштерди жана практикалык сабактарды откөрүүсүндо эмгекти коргоо боюнча**

**1. Жалпы талаптар.**

1.1. Кафедрада иштөөгө жашы 18 жаштан кем эмес, университеттин Коопсуздук техникасы, эмгекти коргоо жана жарандык коргонуу бөлүмүндө Киришүү нускамасынан жана кафедра башчысы өткөргөн Жумуш ордундагы нускаманы өткөн адамдарга уруксат берилет (сабактарды өткөрүүдө окутуучу студенттер менен нускаманы өткөрүп туруп сабакты баштайт).

1.2. Иш тартиби:
Иштин башталышы – 9:00
Иштин аягы – 17с.45мүнөт.
Тыныгуу – 13:00мүнөт. – 13:45мүнөт.
Дем алыш күндөрү: ишемби, жекшемби.
Сабактарды өткөрүү: график боюнча.

1.3. Консультациялар, кошумча сабактар окутуучунун пландары боюнча.

1.4. Окутуучу милдеттүү:
- эмгекти коргоо жана өндүрүштүк санитария талаптарын сактоого;
- ички тартип эрежелерин сактоого;
- жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарын туура колдонууга;
- коопсуз иштөө ыкмалары боюнча окутуудан өтүү;
- эмгекти коргоо боюнча жана эмгекти коргоо эрежелерин жана ченемдеринин билимин текшерүү үчүн нускамадан өтүп турууга;
- адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудура турган ар кандай кырдаал жөнүндө жетекчиликке токтоосуз билдирүүгө;
- алдын ала (ишке кирүүдө) жана мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өтүүгө милдеттүү.

**2. Ишти (сабакты) баштоонун алдында коопсуздуктун талаптары :**

2.1. Ишти баштоонун (сабакты өткөрүүнүн) алдында электр жабдууларынын жана аспаптарынын оң экендигин текшерип алуу керек;

2.2. Жумуш ордунун өрт коопсуздугунун эрежелерине ылайык келишин текшер;

2.3. Алгачкы өрт өчүрүү каражаттарынын курамын, кокусунан өрт чыгып калса өзүнүн аракеттерин жана эвакуация жолдорун тактап кой.

**3. Жумуш учурунда коопсуздук талаптары:**

3.1. Иш учурунда (сабакты өтүүдө) тыюу салынат:

- өз колу менен жасалган электр приборлорун жана шаймандарын, ошондой эле изоляциясы бузулгандарын жана текшерилип күбөлөндүрүүдөн өтпөгөн шаймандарды пайдаланууга;
- от жагууга жана ачык от жагуучу приборлорду колдонууга (оттуктар, примус ж. б.);
- окуу имаратын ичинде жана айлана чөйрөсүндө тамеки тартууга;
- компьютерде суткасына 4 сааттан ашык иштебөөгө.

3.2. Бузулууларды оңдоо иштерине адистерди тартпастан өз алдынча жүргүзбө.

3.3.Практикалык сабактарды баштоонун алдында (лабораторияда - лабораториялык иштерди жүргүзүүдө) студенттерден жумуш ордунда алдын ала максаттуу нускаманы өткөрүп, каттоо журналына жазмайынча сабакты баштаба.

**4. Өзгөчө кырдаалдарда коопсуздук талабы:**

4.1. Өрт чыгып калса "101, 112" телефонуна чалып, күзөтчүлөргө кабарлап жана вахтердон өрт өчүргүчтөрдү алуу керек.

4.2. Өрттү өчүрүүгө карата чараларды көрүп жана зарыл болгон учурда эвакуациялоо планына ылайык адамдарды эвакуациялоону жүргүз. Баарын коопсуз жерге алып бар. Эвакуациялоо планы окуу имараттын ар бир кабатында жайгашкан.

4.3. "Баарыңар көңүл бургула!"деген сигнал келгенде (Жарандык коргонуунун телефон аркылуу алынган сигналы же тез-тез тынымсыз чалуулар) имараттан белгиленген коопсуз жерге чыгып кет.

**5. Жумушту (сабакты) аяктоодо коопсуздук талабы:**

5.1. Жумуш (сабак) ордун тазала .

5.2. Приборлорду өчүр, жарыкты өчүр.

5.3. Бөлмөнүн ачкычын вахтага тапшыр.

Университеттин Коопсуздук техникасы, эмгекти коргоо жана жарандык коргонуу бөлүмүндө алгачкы нускалоону жана кафедра башчысы тарабынан өткөрүлүүчү Жумуш ордунда нускалоодон өтүп журналга катталбаган кызматкерге, айкалыштырып иштеген студенттерге жана командировкага жиберилген адамдарга ишке киргизүүгө катуу тыюу салынат.

**Кафедра башчысы**

**Макулдашылды:**
**КТЭК жана жарандык коргонуу бөлүмүнүн башчысы** **Мусакожаев З.Т.**